Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№28 [17024] ИШЕМБИ, 12/09/2026

Ош облусунун байгеси




2-бетте

Айыл аймакта арбын иштер бар



5-бетте

Айтылуу комузчу Саадабай Шабданов жаштарга үлгү



3-бетте

Кыргыз спортунда тарых жараткан Мунарбектин ийгилиги



5-бетте

Нуржигит Сапарбаев келечекте чоң спортту багындыргысы келет



8-бетте

Ош облусунун байгеси

Жакында өткөн VI Дүйнөлүк Көчмөндөр Оюндарынын маданий программасынын алкагында өткөн республикалык сынактарда Ош облусунун өкүлдөрү 6 байгеге ээ болуп, облустун атын даңазалашты.

Алай районунун командасы — "Жашоо жарыш" сынак эстафетасында баш байгени алышты. Ал эми Араван районунун кыз-келиндери — "Шамдагайлар" боз үйдү ылдамдыкта чечүү сынагынан биринчи орунга жетишишти. Эске салсак: "Шамдагайлар" сынагынын финалына 8 команда катышса, анын төртөө Ош облусунун 4 районунан болчу. Алар: Өзгөн, Араван, Чоң-Алай жана Кара-Суу райондору. Ошондой эле алардын ичинен 3 районубуз байгеге ээ болду.

Ош улуттук С.Ибраимов атындагы драмтеатрынын артисттери “Каада -салттар сынагында ат салышып үчүнчү орунга татыктуу болушту. Кара- Суу районунун кыз-келиндери “Шамдагайлар” сынагында үчүнчү орунга жетишишти. Ал эми Ош мамлекеттик университетинин дизайн кафедрасы “Коломто” коллекциясы менен катышты жана үчүнчү орунга ээ болушту.



Окумуштуулар Ош токой чарбасында



Жакында ОшМУнун окумуштуулары Ош токой чарбасына барып, ал жактагы иштер менен таанышты. Жолугушууда профессор Бакытбек Шамшиев, доценттер Элмурат Обдунов, Венера Эрматова, Абдижапар Аккулов жана Ош токой чарбасынын директору Талант Боркошов токой чарбасын өнүктүрүү, жаңы ыкмаларды колдонуу, материалдык-техникалык базаны жакшыртуу боюнча пикир алышты.

Ошондой эле окумуштуулар мекеменин Беш-Конуш көчөткасындагы иштерди көрүп чыгышты. Анда көчөтканалардын санын жана аянтын көбөйтүү, токойлорду калыбына келтирүү үчүн өстүрүлүп жаткан көчөттөрдүн түрлөрүн көбөйтүү боюнча сунуштар айтылды.

Адистер климаттын өзгөрүшү, жер көчкү процесстеринин күчөшү токой экосистемаларына таасир берип жатканын белгилешти. Мындай шартта деградацияланган жерлерди калыбына келтирүү жана токой чарбасында заманбап ыкмаларды колдонуу маанилүү экени айтылды. Мындан тышкары мамлекеттик токой фондусунун аймактарын натыйжалуу пайдалануу үчүн экотуризмди өнүктүрүү маселеси да талкууланды. Бул багыт жаратылышты коргоо менен катар жергиликтүү калк үчүн жаңы экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү түзө алары белгиленди.

Жолугушуунун жыйынтыгында илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын практикада колдонуу, тажрыйба алмашуу жана токой экосистемаларын сактоо багытындагы кызматташтыкты улантуу боюнча макулдашуулар болду.

Аталган иш-чара Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги каржылаган, ОшМУнун Тоо экосистемаларын сактоо жана жашыл инновациялар консалтинг борбору ишке ашырып жаткан илимий долбоордун алкагында уюштурулду.

Зинагүл Нуралиева, ОшМУнун басма сөз катчысы.

Азык-түлүк түрлөрү көбөйтүлөт

2026-жылдын январь–июнь айларында калктын 9 социалдык маанилүү азык-түлүк менен камсыз болушу жогорулады. Бул тууралуу КР МинКаб Төрагасынын орун басары – министр Эрлист Акунбековдун жетекчилиги алдында өткөн Кыргыз Республикасынын Азык-түлүк коопсуздугу жана тамак-аш боюнча Кеңешинин жыйынында айтылды.



Жыйында өлкөдөгү азык-түлүк менен камсыздоо абалы, 2026-жылга карата негизги 9 азык-түлүк түрүнүн көлөмү жана калктын керектөөсүн камсыз кылуу маселелери талкууланды. Учурда 2026-жылдын 6 айдын жыйынтыгы боюнча айрым азык-түлүк түрлөрү боюнча өлкөдө өндүрүш жетиштүү деңгээлге жетти. Мисалы, картошка менен камсыздоо 198,9 пайызды, жашылча жана коон-дарбыз 247,2 пайызды, сүт жана сүт азыктары 124,1 пайызды түзөт. Ал эми эт 82,1 пайыз, жумуртка 79,8 пайыз, кумшекер 72,6 пайыз, өсүмдүк майы 53,6 пайыз, нан азыктары 77,4 пайыз, мөмө-жемиштер 15,6 пайыз деңгээлинде камсыздалууда.

Алдыңкы жылдары ички өндүрүшү жетишсиз болгон азык-түлүк түрлөрүн көбөйтүүгө өзгөчө көңүл бурулат. Бул үчүн буудай жана май өсүмдүктөрүн көбүрөөк өстүрүү, жаңы бактарды отургузуу, сапаттуу үрөн жана асыл тукум мал менен камсыз кылуу, тоют базасын жакшыртуу, сугат иштерин кеңейтүү жана заманбап технологияларды колдонуу боюнча иштер жүргүзүлөт. Ошондой эле эт, сүт, мөмө-жемиш жана башка айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү күчөтүлөт.

Негизги максат – өлкөнүн азык-түлүккө болгон муктаждыгын мүмкүн болушунча өз өндүрүшүбүздүн эсебинен камсыз кылуу. Учурда жетишсиз болуп жаткан азык-түлүк түрлөрү боюнча өндүрүштү көбөйтүү менен бирге продукцияны сактоо, кайра иштетүү жана жеткирүү шарттары жакшыртылат. Натыйжада импортко болгон көз карандылык азайып, 2030-жылга чейин негизги азык-түлүк товарлары боюнча ички камсыздоону 100 пайызга жеткирүү көздөлүүдө.

Даярдаган: К. Кыдыралиева.

Спорт

КЫЗДАРДАН КУРАЛГАН КОМАНДА

Спорт менен машыгуу ден-соолукка пайдалуу экенин жакшы билебиз. Ошондуктан спорт- ден-соолуктун жана биримдиктин булагы деп билебиз. 2026-жылдын май айында Ноокат районундагы Көк-Бел айыл өкмөтүндө 30-45 жаштагы кыз-келиндер арасында спорттун волейбол түрү боюнча райондун лигасы өткөрүлгөн.

Мындай спорттук иш-чаранын өткөрүүнүн максаты, кыз-келиндерди спорттук оюндарга тартуу жана ден-соолукту чыңдоо болуп эсептелет. Айрыкча, кыз-келиндердин спорт менен машыгуусуна мүмкүнчүлүк түзүлүп, алардын сергек жашоо образын калыптандырууга көңүл бурулуп келе жатат. Бул иш-чара жөн гана волейбол боюнча мелдеш эмес, ошол эле учурда кыз-келиндердин ден-соолугун чыңдоого, сергек жашоо образын калыптандырууга жана коомдогу ынтымактуулукту бекемдөөгө багытталган эң маанилүү демилге десек да болот.



Насирдин Исанов, Көк-Бел, Кеңеш айыл өкмөттөрүнүн кыз-келиндери биригип, лиганы өтө жогорку деңгээлде мыкты өткөрүшүп беришти. Оюндун катышуучулары Алымжан кызы Райкан, Нуржан Жороева, Гүлбарчын Жалиева, Козу кызы Зиядалардын аттарын сыймык менен атоого болот.

Көк-Бел айыл өкмөтүнүн жетекчиси Марат Маматов жана Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн жетекчиси Мирлан Примкуловтор тарабынан кыз-келиндерге Ардак грамоталарды жана баалуу белектерди тапшырышты.

Бурма Ысакова.

Айыл чарба адистерин даярдоого колдоо



Ош мамлекеттик университетинин айыл чарба коллежинде Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министринин орун басары Рысгүл Акимжанова иш сапары менен болду.

Ал коллеждин материалдык-техникалык базасы менен таанышып, эмгек жамааты менен жолугушту. Анда агрономия, ветеринария жана механизация адистиктери боюнча студенттердин практикалык билим алуусуна шарт түзүү үчүн алынган жаңы техникалар, жабдуулар тууралуу маалымат берилди.

Жолугушууда айыл чарба тармагы үчүн заманбап билимге жана практикалык көндүмдөргө ээ адистерди даярдоонун маанилүүлүгү белгиленди. Министрдин орун басары айыл чарба адистерин даярдоодо жаралган маселелерди чечүүгө министрлик тарабынан тиешелүү колдоо көрсөтүлөрүн би лдирди.

Зинагүл Нуралиева, ОшМУнун басма сөз катчысы.

Айтылуу комузчу Саадабай Шабданов жаштарга үлгү

Кыргыз элине кеңири белгилүү болгон айтылуу комузчу - аткаруучу, күүчү Шабданов Саадабай 1940-жылы Аксы районунда туулган. Билимин жогорулатуу максатында 1960- жылы Токмок шаарындагы маданий агартуу окуу жайына тапшырып, аны ийгиликтүү аяктаган. 1967-жылы Ош педагогикалык институтун бүтүргөн. 1967-жылдан тартып ошол эле Ош педагогикалык институтунда -азыркы Ош мамлекеттик университетинде окутуучу. Учурда искусство факультетинин доценти. Рыспай Абдыкадыров атындагы Ош облустук филармониясында да "Санат ордо" этно фольклор тобунун артисти болуп иштеген.


Шабданов Саадабай өмүрүн чыгармачылыкка арнап келатат. Чарчадым-чаалыктым дебей, калкты руханий жактан азыктандырууда чыгармачыл аракетин токтотпой келүүдө. Бир катар күүлөрдүн ээси.

Комузчу учурунда ар улуттун кыздарынан турган «Достук» аттуу комузчулар ансамблин уюштурган. 1985- жана 1987-жылдары өткөн Бүткүл союздук өздүк көркөм чыгармачылыгынын жана эл чыгармачылыгы фестивалдарынын лауреаты.

Садабай Шабдановдун өздүк репертуарынын өзөгүн Ныязаалынын«Кара өзгөй», «Арсар күү», Токтогулдун «Чайкама», «Чоң кербез», «Тогуз кайрык», «Миң кыял» жана башка күүлөр түзөт. Аларды комузчу колун кубулта ойнотуп, татаал ыкмаларды, штрихтерди алып чертет.

Ал элдик жана атактуу шайырлардын күүлөрүнүн үлгүсүндө «Бийчи кыз», «Айыл көркү», «Жашчылык», «Отуз кылым» деген жаңы кайрыктардагы арноо күүлөрүн да чыгарган. КР маданият тармагындагы көп жылдык эмгеги бааланып, каармандыбыз Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы жана башка бир катар сыйлыктар менен сыйланган. КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Ош облусунун Ардактуу атуулу.

Белгилей кетсек 9— сентябрда мамлекетибизде комуз күнү белгиленди. Ага карата бир топ маданий иш-чаралары өткөрүлдү. Ал эми айта турган болсок, комуз — кыргыз элинин тарыхын, маданиятын жана руханий дүйнөсүн муундан муунга жеткирип



келе жаткан үч кылдуу касиеттүү аспабы. Комуз — жөн гана музыкалык аспап эмес. Анын ар бир күүсүндө элдин тарыхы, кубанычы, кайгысы, эрдиги жана дүйнө таанымы жатат. Бүгүн комузду үйрөнгөн балдар-



дын, жаш муундун катары өсүп жатканы — улуттук мурастын улануусунун жакшы белгиси. Мектептерде комуз ийримдеринин иштеши, окуучулардын улуттук аспапка кызыгуусу да бул мурасты сактоого чоң салым кошуп келе жатат.

Бегилей кетсек, Президенттин "Комуз күнү жөнүндө" Жарлыгы 2019-жылы 9-сентябрда кабыл алынып, ошол күндөн бери Комуз күнү майрамдалып келе жатат. Кыргыз элинин руханий маданиятынын ажырагыс бөлүгү катары салттуу музыканы комузсуз элестетүү мүмкүн эмес. Комуздун күүлөрү өзүнө философиялык ойлорду, жашоо-турмушту жана маданияттын өзгөчөлүгүн камтып, муундан муунга өтүп, биздин күнгө келип жетти. Комуз күнү «коомду консолидациялоо жана элдин биримдигин бекемдөө», андан тышкары, «этностук коомчулуктардын маданияттар аралык диалогун кеңейтүү» үчүн киргизилген.

Комуз, чертмек кыргыз элинин кылдуу чертме музыкалык аспабы. Түрк элдеринде улуттук тартма кылдуу, чертме жана какма аспаптарынын комуз, кобус (хобус), комыс, кобуз (хомуз), кумуз деп аталышы комуздун эң байыркы музыкалык аспап экенин далилдейт. Комузду чертме аспаптардын атасы деп аташат.

Тарыхый музыка изилдөөчүлөр комузга кайрылып, анын кайсы кылымга таандык экенин изилдөөгө эмгектерин арнап келишкен. "Комуз" музыкалык аспабы жөнүндө кеңири маалымат 11-кылымга таандык болгон Махмуд Кашгаринин "Түрк тилдеринин сөздүгүндө" кездешет. Анда Махмут Кашгари "Кобуз-бул дутарга окшош, чертме музыкалык аспап" - деп жазган. Комуз өрүк, жаңгак, арча дагы бир катар жыгачтардан чабылат. Жалбыктары күбүлгөн жана мөмөсү бышкан кезде кыйылган жыгач сомдолуп, сууга кайнатылып, анан ысталат. Комуз баш, моюн, тулку, чара, капкак, тепке, үч кулак, үч кылдан турат. Аспаптын жалпы узундугу болжол менен 90 сантиметрдей, туурасынын эң жазы жери 19,5 - 22,5 сантиметрге жетет.

Комуз — кыргыз аспаптарынын эң байыркысы деп саналат, буга күбө катары «Китаби Деде Коркут» (VIII—VIV кылым) эмгегинде аспап «кобуз» деп эскерилген. «Кыргыз музыкасынын тарыхы узак мезгилди камтыйт. Тан (династиясы) доорунда Батыш өлкөлөрдүн (Орто Азия, Түркстан) жана түндүктөгү уруулардын музыкасы «хуме» (Хулардын музыкасы) деп аталган.

Тан династиясы болсо 618-жылдан (VII кылым) 907-жылга (X кылым) чейин болгон, демек буга жараша кыргыз комузу ошол убакта эле болгону жөнүндө аныкталбаган тыянак чыгарууга болот. Ошондой эле комуз жөнүндө эскерүүлөрдү Сыма Цяньдын эмгектеринде кезиктирүүгө болот (б.з.ч. 201-жыл). Ошондой эле «Китаби деде коркуд» аталган огуздук эпосто эскерилет (IX—X кылым).

Билим

Балдар үчүн заманбап жана ыңгайлуу окутуу


КР Билим берүү министрлигинин басма сөз кызматынын билдиришине ылайык, Кыргызстандагы мектептерде окуу жылы 2026-жылдын 15-сентябрында башталып, 2027-жылдын 25-майында аяктай турганы маалым болду. Бул өлкөнүн көз карандысыздыгынын 35 жылдыгын, ШКУ мамлекеттеринин саммитин жана VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын өткөрүү менен байланыштуу болду.

Дем алыш күндөрүнүн графиги бекитилди: Күзгү: 5 күн (11-15-ноябрь); Кышкы: 10 күн (1-10-январь); Жазгы: 6 күн (3-8-март); Май: 9 күн (1-9-май). Биринчиден, каникулдар эки жумага, экинчиден, бир жумага узартылат. Кошумча тыныгуу мезгилдери жергиликтүү билим берүү органдары тарабынан климаттык жана санитардык шарттарды эске алуу менен аныкталат. Учурдагы окуу жылында 1, 2, 3, 5, 7 жана 8-класстар үчүн жаңы билим берүү моделине өтүү ишке ашырылууда. Бул класстарда жаңы окуу программалары жана окуу китептери киргизилет.

Билим берүү министри Догдуркүл Кендирбаева 12 жылдык билим берүүгө өтүү коомчулукта бар болгон скептицизмдин себептеринен улам чоң күч- аракетти талап кыларын белгиледи. Ошентсе да, саясий колдоонун аркасында Кыргызстан билим берүү системасын модернизациялоодо динамикалык өнүгүүнү көрсөтүүдө.

«12 жылдык билим берүүгө өтүү чоң күч-аракетти талап кылат. Биз менталдык каршылыкка туш болуудабыз. Бирок, булка карабастан, чоң иштер жасалды: каржылоо маселелери чечилди, мугалимдерди кайра даярдоо башталды жана жаңы окуу китептери чыгарылууда. Биз ишенимдүү алдыга жылып жатабыз», - деп белгиледи министр. Билим берүү боюнча эксперт Асылбек Жоодонбеков процесс башталышы эң маанилүү экенин белгиледи. «Коом биз дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграцияланып жаткандыгыбызды түшүнө баштады, анткени көптөгөн өнүккөн өлкөлөрдө 12 жылдык билим берүү системасы иштеп жатат. Эң негизгиси, бул процесс азыр башталды», - деп билдирген ал.

Министрлик 2026-2027 окуу жылы үчүн кыргыз, орус, тажик жана өзбек тилдеринде билим



берүүчү мектептер үчүн окуу китептеринин тизмесин жарыялады. Толук тизмени министрликтин расмий сайтынан табууга болот. 2025-жылы окуу китептерин басып чыгарууга бюджеттен 856 млн. сом бөлүнгөн, ал эми 2026-жылга дагы 744 млн сом каралган. Пландарда 4,8 млн экземпляр окуу-методикалык материалдарды чыгаруу бар. Жаңы окуу жылынан тартып 8-класстарда профилдик даярдык башталат. 14 программа жумалык жүктөм менен киргизилет. 500 мектепте 3-5-класстын окуучулары үчүн шахмат кружоктору ачылат. Ишке ашыруу программасы Билим берүү министрлигинин сайтында жарыяланат. Министр Догдуркүл Кендирбаева бул демилге Президенттин тапшырмасы боюнча ишке ашырылып жатканын билдирди.

Мамлекет мектептерди сабактар үчүн керектүү инвентарлар жана методикалык материалдар менен камсыздайт. Учурда жаңы долбоор боюнча окуучулар менен иштөө үчүн окуу программалары иштелип жатат жана мугалимдер даярдалууда. «Эгер, долбоор оң натыйжаларды көрсөтсө, шахмат кружоктору өлкөнүн башка мектептеринде да ачылат», - деп билдирген министр. 12 жылдык система алкагында башталгыч класстарда баалоо ыкмасы өзгөрөт. 1-3-класстын окуучулары баа албайт, анын ордуна алардын жетишкендиктери сапаттуу жана сүрөттөмөлүү ыкмалар менен аныкталат. 4- класста традициялык баллдарга кайтып келинет. Билим берүү министрлигинин маалыматы боюнча, мектептердин штатында психологдун кызмат орду киргизилет. Бирдиктердин саны окуучулардын санына жараша болот: 275 окуучуга чейин — 0,25 штаттык бирдик; 276дан 550гө чейин — 0,5 штаттык бирдик; 551 жана андан көп болсо — 1 штаттык бирдик.

Кыргызстандагы жаңы окуу жылы көптөгөн өзгөрүүлөрдү алып келет: сабактардын башталышынан тартып, окуу пландарындагы, баалоодо жана кадрдык курамдагы жаңылыктарга чейин. Профессионалдык багытка, логикалык ой жүгүртүүнү шахмат аркылуу өнүктүрүүгө жана окуучуларга психологиялык колдоо көрсөтүүгө көңүл бурулууда. 12 жылдык билим берүү моделине өтүү процесси улануда, бул болсо дагы көп класстарды камтып, балдар үчүн заманбап жана ыңгайлуу билим берүү процессин түзүүгө багытталган.

Бетти даярдаган: К.Кыдыралиева.

УЛУТТУК БАНКТЫН АЛТЫН КУЙМАЛАРЫ

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы 2015-жылдын 7-майынан тартып инвестициялоонун инструменти катары 1гр., 2гр., 5гр., 10гр., 31,1035гр. жана 100 граммдык аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларын сатыкка чыгарган.

11 жылдын ичинде эл арасында бул заманбап продукт, инвестициялык салым катары жогорку кирешелүүлүгүн далилдеп, өз ордун таба алды. Алтын куймаларына болгон суроо-талап күн санап өсүп жатат. Алтын дайыма бааланып келген, канча убакыт өтсө дагы ал өзүнүн баалуулугун жоготкон эмес.

Алтындын өлчөнгөн куймаларын чыгаруу – бул ата мекендик экономикадагы долларлашуунун салмагын азайтууга, ошондой эле элдерге доллардан тышкары алтынга да салуу альтернативдүү жолун түзүп берүүгө жана республикабыздын алтын өндүрүү өнөр-жайынын потенциалын өнүктүрүүгө багытталган. Бул алтын куймаларынын бардыгы 999,9 пробасындагы жогорку сапат болуп саналат. Алтын куймасын инвестициялык ыкма катары колдонуу үчүн аны кайра сатып алуу мүмкүнчүлүгү да киргизилген. Мына ошондуктан кардарлар акчасын алтын куймасы менен сактаса уттурушпайт. Өлчөнгөн куймалар баалуу белек же эстелик катары да кеңири колдонулат.





Жалпысынан алганда, бардык баалуу металлдар каражатты ишенимдүү сактоонун жогорку кепилдиги болуп саналат. Ал эми алтындын өлчөмдүү куймалары инвестициялык курал гана эмес, өзгөчө баалуу белек же эстелик да болуп эсептелет.

Өлчөнгөн алтын куймаларын чыгаруунун негизги максаттары

- Кыргыз Республикасында баалуу металлдардын рыногун түзүү жана өнүктүрүү.
- Инвестициялоо жана байлыкты топтоо үчүн жаңы инструменттердин рыногун түзүү.
- Кыргызстандын коммерциялык банктарын ишенимдүү инвестициялык актив сактоочу катары жагымдуулугун жогорулатуу.
- Кыргызстандын банк рыногуна инвестицияларды тартуу.
- Кыргызстандын алтын өндүрүү тармагынын өндүрүмдүүлүк потенциалын өнүктүрүү.
- Экспорттолуучу продукцияга багытталган кошумча наркты көбөйтүү.
- Кыргыз Республикасынын баалуу металлдарынын биржасын түзүү жана аны өнүктүрүү.

Өлчөнгөн алтын куймаларын сатуу жана сатып алуу

Өлчөнгөн алтын куймаларын сатуу жана сатып алуу, накталай жана нак эмес эсептешүүлөр аркылуу Улуттук банктын Борбордук жана облусттук башкармалыктарынын жүгүртүү кассаларында, ошондой эле Улуттук банктын атайын лицензиясына ээ болгон коммерциялык банктарда жүргүзүлүүдө. Улуттук банк өзү сатыкка чыгарган гана өлчөнгөн алтын куймаларын кайра сатып алат.

Жарандарга, юридикалык жактарга өлчөнгөн алтын куймаларын сатууда жана аны кайра сатып алууда эч кандай чектөөлөр жок.

Өлчөнгөн куймалар сертификаттын кызматын аткаруучу – өзгөчө коргоого алынган бекем желим менен капталып (таңгакта) чыгарылат. Бул таңгак анын сертификаты болуп эсептелинет. Ошондуктан бул таңгакты эч качан ачпоо керек. Эгерде, таңгак бузулбаса, куйманы кайра сатып алууда эч кандай маселе жаралбайт. Ал эми таңгак чийилип же бузулган учурда, банк куйманы экспертизадан өткөргөндөн кийин гана кабыл алат. Мында экспертиза жүргүзүү үчүн куйманын наркынан 7 пайыз өлчөмүндө акы кармалат жана текшерүү мөөнөтү 10 жумушчу күнгө чейин созулушу мүмкүн.

Өлчөнгөн алтын куймаларды сатып алуу жана сатуу баасы күн сайын улуттук валютада белгиленет жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий www.nbkr.kg веб-сайтында «Өлчөнгөн алтын куймаларынын баалары» бөлүмүндө жайгаштырылат.

Жеке жана юридикалык жактарга өлчөнгөн алтын куймаларын накталай же накталай эмес эсептешүү жолу менен сатуу Кыргыз Республикасынын Улуттук банктын Борбордук жүгүртүү кассасы, ошондой эле төмөнкү областтык башкармалыктардын жүгүртүү кассалары аркылуу иш күндөрү саат 9:00дөн 14:00гө чейин төмөнкү даректер боюнча жүргүзүлөт:

Бардык кызыктырган суроолор боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Ош областтык башкармалыгына кайрылсаңыздар болот. Дареги: Курманжан Датка көчөсү, 119. Байланыш телефондор: (03222) 4-83-82, 4-84-29.



№	Аталышы:	Дареги:
1	Борбордук аппарат	Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө 101, тел. (0312) 66 91 42, 66 91 41
2	Ош областтык башкармалыгы	Ош шаары, Курманжан датка атындагы көчө 119, тел. (03222) 4-83-82, 4-84-29
3	Нарын областтык башкармалыгы	Нарын шаары, Жамгырчы уулу Абас атындагы көчө 6, тел. (0312) 29 50 77, (03522) 5 04 69
4	Ысык-Көл областтык башкармалыгы	Каракол шаары, Токтогул атындагы көчө 265, тел. (03922) 5 12 58, 5 12 79
5	Жалал-Абад областтык башкармалыгы	Манас шаары, Эркиндик көчөсү 13, тел. (03722) 2 39 94, 2 27 72
6	Талас областтык башкармалыгы	Талас шаары, Бердике баатыр көчөсү 291, тел. (03422) 5 54 21, 5 21 03

Айыл аймакта арбын иштер бар

Кийинки беш жылдын ичинде Кыргызстандын экономикасы туруктуу өнүгүп, анын натыйжасында мурда жетүүгө мүмкүн эместей көрүнгөн ири масштабдагы бир топ долбоорлор ишке ашууда. Мамлекетибиздин бардык аймактарында көптөгөн ири курулуштар, социалдык обьектилер бүткөрүлүп жатат. Анын катарында Ноокат районундагы Н.Исанов атындагы айыл өкмөттө да ага далил болчу мисалдар бар.

Жакында атайын кабарчыбыз аталган айыл өкмөттүн башчысы МирланбекПримкуловго жолугуп, аны менен маектешип кайткан.



-Мирлан мырза, сөздү мындай жетишкендиктердин далили болгон республикалык бюджеттин эсебинен курулуп, жакында пайдалануюга берилген эки социалдык обьект жөнүндө баштасак?

-Туура айтасыз, Кыргыз Республикасында азыркы учурда ири масштабдагы бир топ долбоорлор ишке ашып жатат. Ага жакында пайдалануюга берилген биздин айыл өкмөттүн аймагындагы социалдык обьекттер күбө, айтканга далил. Анын биринчиси- Жаңы-Базар айылындагы жалпы суммасы 143 млн. сомду түзгөн 40 койкалуу жаңы оорукана, экинчиси- 83 млн. сом жумшалган Кожоке айылындагы 120 орундуу балдар бакчасы. Бул жерде



белгилеп өтүүчү жагдай, эки курулуштун 2 жылдын ичинде пайдалануюга берилиши жарандарыбыздын Кыргызстандын келечегине болгон ишенимин ойготуп, мамлекетибиздин күч кубаты артып жаткандыгына ынандырды. Мурда союздан калган балдар бакчасына ооруканандын терапия бөлүмү жайгашса, ал жаңы оорукага жайгаштырылды. Балдар бакчасынын имаратын билим берүү мекемесине айлантууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Дегинкисин айтканда, мектеп жашына чейинки курактагы балдарды бала бакчасына тартуу-биздин көңүл борборунда турган маселе. Жогоруда айтылган Кожоке айылындагы 120 орундуу балдар бакчасынын ички жасалгасы толугу менен айыл өкмөтүнүн каражаты менен бүткөрүлдү.



-Угушубузга караганда, кийинки жылдардасиздерде калкты таза суу менен камсыздоо маселесине олуттуу көңүл бурулуп жатат экен, аны да мисалдар менен бышыктай кетсеңиз?

- Негинен алганда, биздин айылдардын көпчүлүгүндө таза суу маселеси оң жолго коюлган. Бирок, Кожоке айылынын Төш участкасынын жашоочулары үчүн сугат жана таза суу көп жылдардан бери чечилбеген көйгөй болуп келген. Өткөн жылы суу бургулоочу аппараттын жардамы менен тереңдиги 85 метр жер алдынан чыккан суу азыркы учурда сугат катары пайдаланып жатат. Быйыл "Алтын-Казык" муниципалдык ишканасы менен биргеликте айылдын башына суу топтоочу резервуар курулуп, анын натыйжасында эсептегичи бар таза суу жарандарыбыздын үйлөрүнө чейин киргизилди.

- Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун ишкерлерди колдоо, туризмди өнүктүрүү, ички жана тышкы инвестиция тартуу багытындагы көрсөтмөлөрүн турмушка арттыруу багытында сиздерде кандай жумуштар жүргүзүлүп жатат?

-Учурдан пайдаланып, бул багытта жүргүзүлгөн иштерге да токтоло өтөйүн. Быйылкы жылы Чеч-Төбө айылынын тургуну Асан Чоңмурунов Эшме жайлоосуна жакын жерге эс алуу жайын куруу боюнча сунуш менен кайрылган болчу. Ал айыл өкмөт тарабынан колдоо тапкандыктан, жеке ишкер бул жайга 20 млн. сом каражат жумшап, бир нече адамды жумуш менен камсыздоого жетишти. Үстүбүздөгү жылдын башында Тескей-Кожоке айылынын тургуну Алмаз Сатимбаев өзүнүн Кутман атуу өнөктөшү менен Арча-Мазар жайлоосуна чет өлкөдөн келген туристтерди тейлөөчү бардык шарты түзүлгөн, заманбап коттеджерди куруу боюнча ири суммадагы инвестиция тарта тургандыгын билдирген. Бул долбоордун алкагында 11 км жол салынып, ошол аралыкка электр линиялары курула тургандыгы менен таанышып, аны да колдоого алдык. Керектүү документтерди мыйзам чегинде даярдоого көмөк көрсөттүк. Иш жаңыдан башталган учуруда



аларга техника, күйүүчү май жагынан жардам бердик. Азыркы учурда тоо арасындагы тар жолдор кеңейтилип, татаал жерлери тегизделип жатат. Келечекте Кара-Булак айылыныа чейин асфальт төшөлөт. Ишкерлер 11 чакырым аралыкка талапка жооп берген темир-бетон мамычаларын орнотуп, электр чубалгыларын тартуу жумуштарын аягына чыгып калды.

Төлөнбай АБДЫРАЗАКОВ.

Сыймык

Кыргыз спортунда тарых жараткан Мунарбектин ийгилиги

Белгилүү кыргыз спортчусу, боксер, Ош шаарынын кулуну, кыргыз элинин сыймыгы Мунарбек Сейитбек уулу туралуу канча айтсаң да жарашат. Анткени ал кыргыз спортунун тарыхында спорттун бокс түрү боюнча биринчи болуп чоң жетишкендиктерди багындырды. Өзүнүн спорттогу ийгилиги менен жаштарды спортко шыктандырды.



Бул спорттогу жеңиштери ага оңою менен келген жок. Канчалаган эмгектин, аракеттин аркасынан дүйнөгө аты таанымал болду. Дагы көптөгөн жеништерге жетишип, Кыргызстандын Туусун дагы желбиретишине ишеним чоң. Каарманыбыз спорт жаатында жогорку билимге ээ болуш үчүн Ош мамлекеттик университетинин дене тарбия жана педагогика факультетине тапшырып, аны ийгиликтүү бүтүргөн.

Айта кетсек, Мунарбек Сейитбек уулу 1996-жылы 1-январда Ош шаарында төрөлгөн. Кичинесинен спорттун бокс түрүнө кызыгып, талыкпай олуттуу машыгып келен. Алдыга койгон максатына жетишүү үчүн чын дилден машыгуулардан өткөн. Аракетинен акыбет кайтып, бүгүнкү күндө бүткүл кыргыз элинин сыймыгы болду. Ал учурда Кыргызстандын бокс боюнча курама командасынын мүчөсү. Эл аралык даражадагы спорт чебери.

Мунарбек Сейитбек уулунун спорттогу жетишкендиктери тууралуу айтсак, 2018 — жылы студенттер арасында бокс боюнча өткөн дүйнөлүк мелдеште коло медаль алган. 2019 —жылы Бишкек шаарында бокс боюнча өткөн чемпионатында 2-орунду багындырган. Ал эми 2023 —жылы Өзбекстанда өткөн бокс боюнча дүйнө чемпионатында коло медалды утту. 2024 — Испаниядагы бокс боюнча эл аралык мелдеште алтын медалды багындырды. Ошондой эле 2024 — Таиландда өткөн лицензиялык мелдеште коло медаль алып, Париж Олимпиадасына жолдомо алган.

Эң жогорку жеңиштеринин бири—Парижде өткөн XXXIII жайкы Олимпиадада атаандаштарын жеңип, күмүш медалды утуп алды. Негизи Кыргызстандын тарыхында Мунарбек биринчи жолу спорттун бокс түрүнөн жеништерге ээ болуп, спорттук байгелерди утуп алды жана бул спорттун бокс түрү боюнча алгачкы олимпиадалык жениш болуп саналат. Мунарбектин ийгиликтери дагы мекендештерди көп кубандырат деген ишеним чоң.

К.Кыдыралиева.

Кабар

Күз-кыш мезгилине даярдык талкууланды



Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратында 2026-2027-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдык маселелери боюнча облустук штабдын кезектеги аппараттык жыйыны болуп өттү.

Жыйынга КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев, Ош шаарынын мэринин орун басары Эрнист Толтоев, облустук штабдын мүчөлөрү, тиешелүү мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдарынын өкүлдөрү, ошондой эле облустун аймагындагы көмүр казып-чыгаруу жана сатуу менен алектенген ишкерлер катышты.

Жыйында социалдык объектилерди жана калкты отун-энергетикалык ресурстар, өзгөчө көмүр менен үзгүлтүксүз жана сапаттуу камсыз кылуу маселелери талкууланды.

Аманкан Кенжебаев тиешелүү жетекчилерге төмөнкү тапшырмаларды берди:

- Мектептерди, бала бакчаларды, ооруканаларды сапаттуу көмүр менен өз убагында камсыз кылуу;
- Калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү — аба ырайы ыңгайлуу жана баа арзан учурда отун камдап алуу;
- Райондордо жана шаарларда калкка ыңгайлуу көмүр сатуучу базаларды уюштуруу, бааларды көзөмөлдөө;
- Жылытуу казандарын күз-кышка чейин толук текшерип, оңдоп даярдоо;
- Көмүр өндүрүүчү ишкерлерге — көмүрдүн баасын негизсиз көтөрбөө, сапатын жана үзгүлтүксүз жеткирилишин камсыз кылуу.

“Бардык даярдык иштерин белгиленген мөөнөттө сапаттуу бүткөрүп, отун жетишсиздигине жол бербөө зарыл. Бул иштер туруктуу көзөмөлдө болот”, — деп белгиледи А. Кенжебаев.

Жыйындын жыйынтыгында 2026-2027-жылдардын күз-кыш мезгилинде калкты жана экономиканын тармактарын үзгүлтүксүз жылуулук жана отун менен камсыз кылуу боюнча иштерди күчөтүү милдеттери жүктөлдү.

Даярдаган: К. Кыдыралиева.

Жаштыкта жанган спорттун шамы





Араван районуна караштуу Керме-Тоо айыл өкмөтүнүн Гүлбаар айылынын Жаштык участкасында жаңы кичи футбол аянтчасынын ачылышы айыл турмушундагы өзгөчө окуялардын бири болду. Бул күнү жаштардын келечегине жол ачкан, балдардын бош убактысын пайдалуу өткөрүүсүнө шарт түзгөн, айылдагы ынтымакты бекемдеген жакшы демилгенин үзүрү элге тартууланды десек болот.

Ачылыш аземине Керме-Тоо айыл өкмөтүнүн башчысы Жаныш Жусупбеков баштаган айыл тургундары, аксакалдар, жаштар жана демилгеге колдоо көрсөткөн жарандар катышты. Көпчүлүктүн маанайынан спортко болгон кызыгуу менен бирге, айылда жаштар үчүн заманбап шарт түзүлүп жатканына болгон ыраазычылыктар байма-бай айтылды. Ак сакалдардын батасы айтылып, аянтчанын курулушуна салым кошкон жарандарга сый-урмат көрсөтүлдү.

Бул демилгенин артында Керме-Тоо айыл өкмөтүнүн башчысы Жаныш Жусупбековдун жаштарга болгон өзгөчө көңүл буруусу турат. Анткени айылдын өнүгүүсүн жол, суу, жарык сыяктуу материалдык жетишкендиктер менен гана өлчөө жетишсиз. Элдин, өзгөчө жаш муундун ден-соолугуна кам көрүү, алардын спорт менен машыгуусуна шарт түзүү да жергиликтүү бийликтин милдеттеринин бири. Ушул багытта жүргүзүлүп жаткан иштер Керме-Тоо айыл өкмөтүндө жаштар саясатына кайдыгер каралбай турганын көрсөтүп турат.

Гүлбаар айылынын Жаштык участкасында курулган кичи футбол аянтчасы жергиликтүү бийликтин, айыл тургундарынын, сыртта эмгектенип жүргөн мекендештердин жана жеке ишкерлердин биргелешкен колдоосу менен ишке ашты. Анын курулушуна жергиликтүү бюджеттен, миграцияда жүргөн айылдаштардан, жергиликтүү тургундардан жана демөөрчүлөрдөн каражат бөлүнүп, элдин ынтымагы бир жакшы иштин айланасында бириктиги. «Синьжи Пирим» заводунун да демөөрчүлүк колдоосу көрсөтүлүп, долбоордун ишке ашышына өз салымын кошту.

Эң башкысы-бул аянтча эми айылдын балдары менен жаштары үчүн спорттун очогуна айланат. Кеч киргенде көчө кыдырып, убактысын максатсыз өткөргөндүн ордуна топ артынан чуркаган, мелдешке даярданган, достору менен күч сынашкан жаштардын саны көбөйөт деген ишеним бар. Анткени футболденени чыңдаган спорт, тартипке, жоопкерчиликке, команда менен иштөөгө, жеңишке умтулууга үйрөткөн тарбия мектеби деп саналаары бышык.

Айыл жеринде футболго кызыгуу ар дайым жогору. Бирок, кызыгуу менен мүмкүнчүлүк айкалышканда гана чоң жыйынтык жаралат. Керме-Тоо айыл өкмөтүндө жаңы спорттук аянтчанын курулушу дал ушул мүмкүнчүлүктү кеңейтти. Эми бул жерде жаштар арасында футболдук мелдештер өтүп, таланттуу балдар тандалып, келечекте райондун, облустун намысын коргой турган спортчулар өсүп чыгышына жол ачылат.

Мындан тышкары, спорттук жай айыл жаштарынын ынтымагын бекемдөөгө да чоң өбөлгө түзөт. Бир аянтчага чогулган жаштар бири-бири менен таанышып, достугун бекемдеп, атаандаштыкты маданияттуу кабыл алууга үйрөнөт. Ал эми мындай чөйрө-коомдун келечеги болгон жаш муунду туура багыттоонун мыкты жолу экени белгилүү.

Жаныш Жусупбеков баштаган бул демилге Керме-Тоо айыл өкмөтүндө спортко, өзгөчө футболго көңүл буруу күчөп бара жатканын айгинелейт. Бүгүн Гүлбаар айылындагы Жаштык участкасында жаңы футбол аянтчасынын шамы жанса, эртең бул жерден жаңы жеңиштердин, жаңы таланттардын жана жаңы кыялдардын жарыгы жанары талашсыз.

Н.Өмүрзакова.

Ден- соолук башкы байлык

Жайкы эс алуунун коопсуздугу

Жай мезгили келгенде көпчүлүк жарандар үй-бүлөсү менен эс алуу жайларына, туристтик аймактарга, көл жээктерине жана жаратылыш койнуна чыгышат. Эс алуу адамдын ден -соолугун чыңдап, күч-кубат берет. Бирок, эс алуу мезгили коопсуз жана жагымдуу өтүшү үчүн санитардык-гигиеналык талаптарды сактоо абдан маанилүү.

Эң биринчи көңүл бурулуучу маселе – тазалык. Эс алуу жайларынын ээлери жана кызматкерлери аймактын тазалыгын камсыз кылып, таштандыларды өз убагында чыгарып туруусу зарыл. Ал эми эс алуучулар таштандыларды белгиленген жерлерге таштап, айлана-чөйрөнү булгабоого милдеттүү.

Жай мезгилинде ичеги-карын оорулары жана тамак-аштан ууланууучурлары көбөйүшү мүмкүн. Ошондуктан коомдук тамактануу жайларында даярдалган тамак-аштын сапатына өзгөчө көңүл буруу керек. Жарактуулук мөөнөтү өтүп кеткен азыктарды колдонууга болбойт. Тамак-аш туура температурада сакталып, даярдоо учурунда санитардык эрежелер так аткарылышы керек.

Ичүүчү суунун коопсуздугу дагы маанилүү. Ар бир эс алуу жайы таза жана коопсуз ичүүчү суу менен камсыз болушу зарыл. Белгисиз булактардан алынган сууну ичүүдөн сактануу керек. Дааратканалардын, кол жуугучтардын жана жуунучу жайлардын тазалыгы эс алуучулардын ден соолугуна түздөн-түз таасир этет. Мындай жайлар дайыма таза кармалып, суу жана самын менен камсыз болушу зарыл.

Жайкы мезгилде чымын-чиркейлер жана кемирүүчүлөр аркылуу жугуштуу оорулар тарашы мүмкүн. Ошондуктан эс алуу жайларында дезинсекция жана дератизация иш- чараларын жүргүзүү сунушталат.

Урматтуу жарандар!

Өзүңүздүн жана жакындарыңыздын ден соолугун сактоо үчүн жөнөкөй эрежелерди унутпаңыз:

- тамактанардын алдында колуңузду самындап жуугуз;
- таза суу гана ичиңиз;
- сапатына күмөн жараткан тамак-ашты колдонбоңуз;
- айлана-чөйрөнүн тазалыгын сактаңыз;
- балдарды кароосуз калтырбаңыз;
- оорунун белгилери байкалса, өз алдынча дарыланбай дарыгерге кайрылыңыз.

Ош шаардык жана Ош облустук оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл кызматтары жайкы туристтик сезон учурунда жарандарды санитардык-гигиеналык эрежелерди сактоого чакырат.

А.Мамасадыкова,
Ош облусу боюнча кызматтын иш –аракеттерин координациялоо милдети жүктөлгөн Ош шаардык ОАА жана МСЭКБнун санитардык дарыгери.

Жарыялар

Жараксыз деп табылсын

2021-жылы Кыргыз-Өзбек университети тарабынан Момунов Назарбек Байполотовичке берилген ТВ № 210065152 каттоо № 514 сандуу дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ХХХ

2004-жылы ОшМУ тарабынан Моминова Феруза Инамджановнага берилген СД № 040138958 каттоо № 3435 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ХХХ

1994-жылы ОшМУ тарабынан Анарбаева Дилфуза Абдумуталиповнага берилген СД № 100003874 сандуу дипломунун 2 барак тиркемеси жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ХХХ

2001-жылы ОшТУ тарабынан Акимжанова Рысгул Абдыманаповнага берилген ДВ № 10818 каттоо № 239 сандуу дипломунун түп нускасы 2 барак тиркемеси менен жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ХХХ

2010-жылы Кыргыз-Өзбек университети тарабынан Кошбаева Айпери Кошбаевнага берилген дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Акционердик коом жоюлуп жаткандыгын кабарлайт

Ош шаары Наукатский тракт 6 км жайгашкан каттоо № 157-3310-АО код ОКПО 01052462 сандуу “Карасуукурулуш” АООТ акционердик коому жоюлуп жаткандыгын кабарлайт.

Волейбол — жүрөгүмдүн тандоосу



Спортту сүйгөн Жазгүл Самиеванын жеңишке жетелеген жолун айтабыз. Спорт — адамды чыңдап гана тим болбостон, аны тартипке, жоопкерчиликке, чыдамкайлыкка жана жеңишке умтулууга тарбиялайт. Ал эми спорттун ичинен адамды биримдикке, ынтымакка үндөгөн волейболдун өзгөчө орду бар.

Муну өзүнүн жашоосу менен далилдеп келе жаткан спорт сүйүүчүлөрүнүн бири — Самиева Жазгүл Алымкуловна. Ал Ош облусуна караштуу Ноокат районунун Т. Зулпуев айыл аймагында туулган. Волейболго болгон сүйүүсү 14 жашында башталып, арадан жылдар өтсө да бул кызыгуусу солгундабай, тескерисинче, күчөп келет.

Жазгүлдүн үй-бүлөсүндө да волейбол ойногондор бар. Ошондуктан бул спорт анын жашоосуна бала кезинен жакын болуп, барабара жүрөгүнүн бир бөлүгүнө айланган.

Бүгүнкү күндө Жазгүл Самиева Ош технологиялык университетинде эмгектенип, ошол эле учурда университеттин эжекелер курама командасынын намысын коргоп келет. Команда менен бирге университеттер аралык мелдештерге үзгүлтүксүз катышып, бир нече ирет байгелүү орундарга жетишкен.

Айрыкча жыл сайын өткөрүлүп келген университеттер аралык турнирлерде Ош технологиялык университетинин командасы жогорку жыйынтыктарды көрсөтүп, жеңиштерди багындырып келет. Бул ийгиликтер спортчулардын тынымсыз машыгуусунун, командалык ынтымагынын жана университет тарабынан көрсөтүлгөн колдоонун натыйжасы.

Жазгүлдүн спорттук жолу муну менен гана чектелбейт. «Жаштык» дирекциясы тарабынан уюштурулган Ысык-Көлдөгү мелдештерге да жыл сайын катышып, өзүнүн тажрыйбасын жана спорттук чеберчилигин сынап келет.

Ош шаарында волейбол сүйүүчүлөрүнүн арасында өткөрүлгөн мелдештерде да активдүү оюн көрсөтүп жүрөт. Учурда анын жүрөгүнө жакын командалардын



бири — спортту сүйгөн Ноокаттын эжелеринен жана досторунан түзүлгөн «Ноокат шаары» командасы.

Бул команда менен Жазгүл республикалык деңгээлдеги бир топ мелдештерге катышып, ийгиликтерди жаратып келет. Түштүк региону боюнча өткөрүлгөн «Дени сак эне — Дени сак улут» аттуу Энелер лигасынын турниринде командасы менен жеңишке жетип, биринчи орунду камсыз кылган.

Ал эми 2021-жылы Бишкек шаарында «Альфатекс» тарабынан уюштурулган турнирде да «Ноокат шаары» командасы атаандаштарын артка калтырып, 1-орунду ээлеген.

Спорттук мелдештердин географиясы Кыргызстан менен эле чектелбейт. 2022-жылдын март айында Өзбекстандын Хорезм шаарында өткөн республикалык турнирге Жазгүл Самиева волейбол федерациясынын атынан катышып, Кыргызстандын намысын коргогон.

Мындан тышкары, туулган жери Ноокатта өткөрүлгөн ар кандай спорттук мелдештерге Т. Зулпуев айыл аймагынын командасынын курамында катышып, жердештеринин алдында да өзүнүн спорттук чеберчилигин көрсөтүп келет.

Жазгүл Самиева үчүн волейбол — жөн гана бош убакытты өткөрүүнүн жолу эмес. Ал үчүн волейбол — ден соолук, достук, ынтымак жана жашоого болгон позитивдүү көз караш.

Командалык оюн болгондуктан, волейбол ар бир оюнчудан бири-бирин түшүнүүнү, колдоону жана бир максат үчүн күрөшүүнү талап кылат. Балким, дал ушул сапаттар Жазгүлдү бул спортко ушунчалык бекем байлап тургандыр.

Көп жылдан бери волейбол ойноп келе жаткан тажрыйбалуу спортчу катары ал бүгүнкү жаштарга да өзүнүн акыл-насаатын айтат.

«Волейбол — дүйнө жүзүндө кызыгын эч качан жоготпогон, динамикалуу жана командалык биримдикти талап кылган спорттун түрү. Жаштарга айтарым — волейболду сүйгүлө жана ойногула! Спорт менен машыгып, ден соолугуңарга кам көргүлө. Анткени сергек жашоо — бактылуу жашоонун негиздеринин бири», — дейт Жазгүл Самиева.

Анын спорттогу жолу — жаш куракка карабай, сүйгөн ишиң менен алектенсең, жаңы жеңиштерге жетүүгө болорунун жакшы үлгүсү. Бүгүнкү күндө ал волейбол аянтчасында жаштарга дем берип, спортту сүйгөн энелердин активдүү өкүлү катары өзүнүн спорттук жолун улантып келет.

Г.Өскөнбаева.

Мурас

Чанач- көчмөн элдер колдонуп келген буюм

Чанач-бул илгертен кыргыздар эле эмес, бардык көчмөн элдер колдонуп келген буюм. Чанач эчкинин, уйдун, жылкынын жана башка жаныбарлардын терисинен жасалат. Аны колдонуунун себеби- өзү менен бирге алып жүрүүгө оңой, ыңгайлуу болуп, ат же башка минип жүргөн улоосунун канжыгасына илип алышкан. Суусундуктардан- чаначка кымыз, айран, жарма андан бөлөк суюк тамактар дагы куюлат.

Алардын көлөмүнө, түзүлүшүнө карай түрлөрү бар: кол чанач, серке чанач , эркеч чанач, чоң чанач. Ошондой эле жасалышы, колдонулушунан дагы айырмаланышат. Мисалы: эчкинин терисинен жасала турган болсо, анын терисин туюк сыйрып алып, бир эки күн чие чөбүнүн суусуна чыланат. Даяр болгондо ичи сырты малдын майы менен майланып ийлеп, жарым айдан кем эмес мөөнөттө ышталат. Теринин ышталуусуна жакшы маани берүү шарт. Ышы кеткенден кийин өңүн кызартуу үчүн ага айран толтуруп, белгилүү убакытка кармап, андан соң сууга чайкоо керек.

Ал эми кымызды бышуу үчүн колдонулган чанач чоңураак уй, жылкылардын терисинен болот. Чанач жасоодо семиз уйдун териси алынат, арык уйдун терисин алса тешик болуп калышы мүмкүн. Ал эми жаш малдын терисинен чанач жасаса, кийин чыдамкай бышык чанач болот. Бышкандан кийин таардан согулган капты салып, башынан баштап аягына чейин бириктирип , бурчтарын кесип, бычылат.

Кооз, тегиз бычылгандан кийин чаначтын даярдалуу баскычы бери жагын беш-алты күн, нары жагын беш-алты күндү ээлеп жакшылап ыштап тери жагын сыртына, жүн жагын ичине оодарып алуу керек. Аны бириктирип тигүүдө милтенин ортосуна кездеме коюп эң бышык жип менен тигилет. Эң бышык жип дегенибизде төөнүн чуудасына таарып жылкынын арткы шыйрагынын тарамышын кургатып, ичке кылып, ошол жип менен кошо ийрилет. Анткени башка жип чирип, үзүлүп жарабай калат. Ийрилгенден кийин жылкынын кыл куйругунан кыркып алып, аны таза жуун, кылды анын үстүнөн кайчылаштырып бекем кылып дагы бир жолу тигилет. Андан кийин анын ичине бээнин сүтүн куюп алып, бишкектеп кымыз жасайт. Кымызды бышырууда чаначты тез-тез алмаштырып туруу керек. Себеби ышы кетип , сапаты, даамы, пайдалуулук касиети кетет. Чанач канча жакшы ышталган болсо, кымызга ошончолук даам берип, ал кымыз адамдын табитин ачып ден-соолугу чың болуп, бетине кызыл жүгүрөт.

Согуш болгон учурда да ата-бабаларыбызга чаначтын пайдасы өтө чоң тийген. Бул буюмга куюлган суусундук согушта аскерлердин чаңкоосун кандырып, курсагын да тойгузган. Аларга чаначтагы суусундукту алып жүрүүдө эч кандай тоскоолдук болгон эмес.



Азыркы кезде ата-бабаларыбыздын жолун жолдоп, азырга чейин кымыз жасагандар көп. Бирок, алар кымыз жасоонун оңой, сапатсыз жолун тандап, териден жасалган чаначка окшогон пайдалуу буюмдардын ордуна, желимден жасалган буюмдарды колдоно башташты. Туура, накта илгеркидей шартта кымыз жасаган адамдар да жок эмес, бирок, алар абдан аз. Кымызды чаначта жасоо жана сактоо ата-бабаларыбыздан калган каада- салтыбыз. Байыркы убактан бери эле чанач элдин ырыскысынын, берекесинин символу катары каралып келген.

Бирок, мындай баалуу мурастар убакыттын өтүшү менен унутта калып баратат. Биздин « Сулайман-Тоо» улуттук тарыхый археологиялык музей комплексинин баалуулуктарды сактоо бөлмөсүндө жети даана чанач сакталууда. Ал эми башкы экспозициялык залында төрт даана чанач көрүүгө коюлган. Алар кой терисинен жана айрымдары эчкинин терисинен туюк жасалып, кымыз бышчу, кымыз уютуучу жана айран уютуучу чанач сыяктуу түрлөрү бар. Көрүнүшү, сакталышы жалпы абалы канааттандырарлык деңгээлде болуп, жергиликтүү жана чет элдик музей көрүүчүлөрүнүн кызыгуусун арттырып жана кыргыз элибиздин терең жана өзгөчө тарыхынан кабар берип турат. Музей элибиздин улуттук баалуулуктарын унутта калтырбай сактоо менен эле чектелбестен, аларды кийинки муундарга өткөрүп берүүнүн мыкты жайы катары кабылдообуз керек.

Ш.Сатарова,
«Сулайман-Тоо» УТАМКнын илимий казына бөлүмүнүн улук илимий кызматкери.

Ош жаңырыгы
Ош облустук коомдук-саясый гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү:
А. Матиева

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
Катталуу күбөлүгү
213623-3310-У-е
Жазылуу индекси:
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: 7–13–34
Жооптуу катчы: 7–10–02
Жарнак бөлүмү: 7–11–31
E-mail: oshjangaz@gmail.com

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды.
"Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №:993
Нускасы: 1800

Нуржигит Сапарбаев келечекте чоң спортту багындыргысы келет

Спорт — бул жөн гана мелдеш эмес. Бул — табит менен мүнөздүн чыңалышы, кайраттуулук, чыдамкайлык жана өлкөнүн желегин бийик көтөрүүгө болгон ынтызарлык. Бүгүнкү күндө кыргыз спортунун пайдубалын түптөп, эл аралык ареналарда мамлекетибиздин намысын коргоп жаткан жаш муундун катары өсүүдө. Алардын арасында өзгөчө эмгекчилдиги, майтарылбас эркі жана максаттуулугу менен айырмаланган жаш спортчу — Нуржигит Сапарбаев да бар.



Ал Ош облусунун Өзгөн районундагы Мырза-Арык айылында 2012-жылы 20-ноябрда жарык дүйнөгө келген. Сапарбаев Нуржигит Шайырбекович бүгүнкү күндө жаш таэквондочу, грэпплинг жана джиу-джитсунун келечектеги жылдызы катары таанылып келе жатат. Анын кичинекей жүрөгүндө калыптанган чыдамкайлык, эмгекчилдик жана спортко болгон чоң кызыгуу алты жашында эле байкала баштаган.



Шайырбек уулу Нуржигиттин билим алуу жолу 2018-жылы Куршаб айылындагы №5 Ленин атындагы орто мектептен башталган. Азыркы учурда ал Өзгөн районундагы №14 Абдулла Таңатаров атындагы орто мектепте 8-класста окуп жатат. Мектептеги сабактарында да активдүү, тартиптүү окуучу катары мугалимдеринин сыймыгы.

Бирок анын негизги жетишкендиктери спорттук ареналарда болуп жаткандыгын баса белгилөө зарыл. Анын спорттогу алгачкы ийгиликтери Мырза-Арык айылында өткөн мелдеште 30 кг салмак категориясында 3-орунду, андан кийин 35 кг салмактагы мелдеште 1-орунду багындыруу менен башталган. Ал грэпплинг жана джиу-джитсу боюнча бир нече турнирлерде күч сынашып, жеңиштерге жетишти. Бул жеңиштер анын көтөрүлүп бараткан спорттук дараметинин далили болуп калды.

Ош облусунун джиу-джитсу жана грэпплинг боюнча ачык турниринде 1-орунду, “Мырза-Арык” спорт клубунун достук мелдешинде 38 кг салмакта 1-орунду, ошондой эле "AIGA" федерациясынын турниринде 2-орунду жетиштирди. Бул анын чыдамкайлык жана машыгуунун үзүрүн көрсөткөн сыймыктуу жыйынтыктары.

Анын ийгиликтери жергиликтүү эле эмес, андан жогорку деңгээлде да таасын байкалып жаткандыгы сыймыктандырат. Ош шаардык мэриясынын колдоосу менен өткөн “EFC CONTENDERS” турнирinde 2-даражадагы диплом менен сыйланды. Облустун Араван районунда өткөрүлгөн турнирде 1-орунду камсыздай алды. Ал жакында грэпплинг күрөшүндөгү кулатуу эртаймаш улуттук күрөшү боюнча Чолпон-Атада өткөн фестивалга жигердүү катышып, 45 кг салмактагы таймашта 1-орунду ээлеп, жеңүүчү аталды. Ошондой эле гэпплинг күрөшү боюнча 45 кг салмактагы эл аралык мелдеште 1-орунду камсыз кылды. Мунун баары, келечегинен көптү үмүттөндүргөн жаш спортчунун дээринде бар артыкчылыгынын жогору экендигин айгинелейт.

Машыгуудан башталган жол жана устаттын орду

Нуржигиттин спортко болгон кызыгуусу кичинекей кезинен эле байкалган. Башка теңтуш балдар бош убактысын көңүл ачууга жумшап жатканда, ал машыгуу залында тер төгүп, ар бир кыймылды, ар бир ыкманы так аткарууга аракет кылды.

Албетте, ар бир спортчунун ийгилигинин артында анын талыкпас эмгеги менен бирге тажрыйбалуу устаттын орду чоң. Жаш спортчунун туура жолдо калыптануусуна, чеберчилигинин өсүшүнө жана ар бир жетиштирип жаткан жеңишине анын машыктыруучусу Сакыев Асмат агайдын кошкон салымы баа жеткис. Асмат агай өз шакиртине спорттун сырларын гана үйрөтпөстөн, туруктуулукка, тартипке жана чоң максаттарды коюуга тарбиялап келет. Устат менен шакирттин ортосундагы бекем ишеним жана биргелешкен талыкпас эмгек өз жемишин бербей койгон жок.

“Спортто кокусунан келген жеңиш болбойт. Ар бир медаль — бул миңдеген сааттык машыгуунун, чыдамкайлыктын жана жеңилүүгө макул болбогон рухтун натыйжасы”, - дейт жаш спортчунун машыктыруучусу, “Мырза-Арык” спорт клубунун жетекчиси Сакыев Асмат агай .

Улуттук спортубузду даназалаган устат

Элдик спорт — бул элдин руху жана тарбиясы. Ата-бабадан калган күрөш өнөрүн бүгүнкү мектеп окуучуларына үйрөтүп, аларды чыныгы эр жигит кылып тарбиялап жаткан инсандардын бири — Өзгөн районунун Мырза-Арык айылындагы “Мырза-Арык” күрөш спорт клубунун жетекчиси Сакыев Асмат агай. Ал көп жылдардан бери күрөш менен жаштарды машыктырып келет. Анын клубуна айылдын мектеп окуучулары, жаш жигиттер келип, күчкө, тартипке жана эмгекчилдикке үйрөнөт. Ал үчүн күрөш жөн эле спорт эмес, бул — улуттук нарк, эр жигиттин мектеби.



Асмат агайдын эмгегинин жемиши катары клубдун спортчулары республикалык "Нооруз", "Эгемендүүлүк күнү" жана облустук мелдештерде дайыма байгелүү орундарды ээлеп келүүдө. Алардын ичинен өзгөчө белгилей турганы — 8-класстын окуучусу, 45 кг салмактагы күрөшчү Сапарбаев Нуржигит Шайырбекович. Ал күрөштүн алгачкы кармоосун, ыргытуу техникасын так Асмат агайдан үйрөнгөн. Машыктыруучу анын күчтүү денесин, ылдамдыгын жана жеңилбес мүнөзүн көрүп, аны чоң спортко багыттап келатат.



Бүгүнкү күндө 45 кг салмактагы Нуржигит — облустук мектеп окуучулары арасындагы чемпионаттың жана республикалык турнирлердин байге ээси. Ар бир алган медалынын артында Асмат агайдын сабактан кийинки машыгуулары, улуу устаттын насааты жана колдоосу турат. Асмат агай шакирттерине дайыма: “Килемге чыкканда күчүңдү эмес, акылыңды жана элдин намысын көрсөт. Окуунду да мыкты оку” — деп үйрөтөт. Ошондуктан анын балдары спортто гана эмес, мектепте да үлгүлүү окуучулар болуп калыптанууда.

Бүгүн “Мырза-Арык” күрөш клубу Өзгөн районунун улуттук спортун өнүктүрүү борборлорунун бири болуп калды. Бул Асмат агайдын талыкпаган эмгегинин, жаштарга болгон ишениминин натыйжасы.

Спорттук мелдештер жана жетиштирген жеңиштер

Республикалык мелдештерден баштап, аймактык жана эл аралык мелдешке чейин катышкан Нуржигит Сапарбаев өзүнүн спорттогу чеберчилигин бир нече ирет далилдей алды. Агайынын иштеп чыккан тактикалык пландары жана кеңештери менен килемге (же рингге) чыккан сайын Нуржигит чечкиндүүлүгүн, атаандашын туура баалай билгендигин көрсөтүп, көрүүчүлөрдүн сүймөнчүлүгүнө ээ болууда.

Анын акыркы утуштары спорт сүйүүчүлөрүн гана эмес, жалпы мекендештерибизди сыймыкка бөлөдү. Атаандаштары канчалык тажрыйбалуу болбосун, Нуржигиттин жеңишке болгон умтулуусу аны дайыма пьедесталдын жогорку тепкичине алып чыгууда.

Келечекке кадам жана улут сыймыгы

Нуржигит жөн гана жыйынтык үчүн эмес, кыргыздын кызыл туусун чет өлкөлөрдө бийик желбиретүү үчүн машыгуулардан өтүп жатат. Анын максаттары чоң: алдыда аны дагы далай дүйнөлүк чемпионаттар жана ири мелдештер күтүп турат.



Нуржигит Сапарбаев — келечекте кыргыз спортунун атын тааныта турган жаш муундун өкүлү. Анын жетишкендиктери мугалимдерине, машыктыруучуларына жана ата-энесине да чоң кубаныч тартуулап келет. Ал өзү жаш болгону менен, максаты бийик. Келечекте Кыргызстандын атынан дүйнөлүк аренага чыгуу менен чоң спортту багынткысы келет.

Анын спортко болгон мамилеси, тартиби жана эмгекчилдиги артында өсүп келаткан жаш муундарга чыныгы үлгү. « Мени спортко чакырган, бала кезден мага машыктырып дем берген Сакыев Асмат агайга ыраазычылык билдиремин. Башкысы, спортто өз каалооңо терең ишенүү керек, талыкпай эмгектенүү женишке жеткирет», — дейт жаш спортчу.

Шайырбек уулу Нуржигиткe жана анын машыктыруучусу Сакыев Асмат агайга алдыдагы мелдештерде ак жол, бекем ден соолук жана жаңы жеңиштерди каалайбыз. Кыргыз спортунун жылдызы мындан да жаркырай берсин! Асмат агайдын эмгеги элге үлгү, Нуржигиттин жеңиштери көбөйө берсин!

Сүрөттө: жаш спортчу жана машыктыруучусу Сакыев Асмат агай.

А.МАТИЕВА.